| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br><br>**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**<br>**АТАЙ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АТАЙСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясынын**

**№ 32 ТОКТОМУ**

28 03. 2025-жыл Арал айылы

**"Атай айыл аймагынын 2025-2027-жылдарга карата жакырчылыкты кыскартуу боюнча Программасынын иш-чаралар планы» жөнүндө**

"Атай айыл аймагынын "2025-2027-жылдарга карата жакырчылыкты кыскартуу боюнча Программасынын иш-чаралар планы" боюнча Атай айылдык кеңешинин "Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, билим берүү жаштар, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундуусун угуп жана талкуулап Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясы **токтом кылат:**

**1.** "Атай айыл аймагынын 2025-2027-жылдарга карата жакырчылыкты кыскартуу боюнча Программасынын иш-чаралар планы» алымча-кошумчасы менен кабыл алынсын.

**2.** Токтомду аткаруу жагы Атай айыл өкмөтүнүн социалдык иштер боюнча башкы адиси Н.Туркмановага жана Атай айыл өкмөтүнүн башчысы А. К. Жаныбаевке милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамына ылайык Атай айыл өкмөтүнүн расмий маалымат сайтына жарыялансын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы "Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, билим берүү жаштар, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча" туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы** **С. Өскөнбай уулу**

Атай айылдык кеңешинин
кезектеги VIII сессиясынын
№ 32 токтомуна 1- тиркеме
28 - март 2025 - жыл

**Атай айыл аймагынын 2025-2027-жылдарга карата жакырчылыкты кыскартуу боюнча Программасынын иш-чаралар планы**

| № | Милдеттин туюндурмасы | Чаралар/Иш аракеттер | Индикатор | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжа | Жооптуу аткаруучулар | Каржы булагы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *1-милдет: Калктын жашоо деңгээлин жакшыртуу жана жакырчылыкты жоюу максатында жумуш орундары менен камсыз кыла турган долбоорлорду ишке ашыруу.* | | | | | | | |
| 1 | **Жеңил өнөр жайы жана тейлөө** | Ишкерди колдоо жана жана жумушсуздукту кыскартуу максатында чакан иш каналарды ачуу (фитнес зал) | Атайын окуу курстары өткөрүлөт, 1 адам жумуш менен камсыздалат | 2025-2026-2027-жыл | Ишкерлерди колдоо жана жумушсуздукту кыскартуу максатында жумуш менен камсыз болуп, үй-бүлөөлүк кирешеси көбөйөт<br>Жумуш орундары түзүлөт | Айыл өкмөтү, РЭСКМБ, жеке ишкер | |
| 1.2 | | Атай айыл аймагына чач тарач ачуу | Чач тарач ачуу менен<br>5 жумуш орду түзүлөт | 2025-2026-2027-жыл | Аймакта чакан чач тарач ачууга кызыктар тараптарга ар тараптуу жана долбоор жазууга көмөк көрсөтүү<br>Чакан кредиттерди алып ишкерлерик кылууга көмөк көрсөтүлөт<br>2-5 ке чейинки жумушчу орун түзүлөт. | Демөөрчүлөр, жеке ишкерлер менен | жеке ишкер |
| 1.3 | | Атай айыл өкмөтүнүн Атай айылында жайгашкан Айнуска тигүү цехин кеңейтүү | 5 жумуш орду түзүлөт | 2025-2026-жыл | Жумуш орду түзүлүп, жакырчылыкты кыскартууга шарт түзүлөт | РМА,<br>Атай айыл өкмөтү,<br>Жеке ишкер | Демөөрчү, Фонддор, Кайрымдуулук фонддор 500,0 миң сом |
| 1.4 | | Атай айыл өкмөтүнүн Арал айылына 20 орундуу тигүү цехин ачуу; | 1 цех<br>20 жумуш орду | 2025-2026-жыл | Жумуш орду түзүлүп, аз камсыз үй-бүлөлөр жумуш менен камсыз болот, жакырчылыкты кыскартууга шарт түзүлөт | РМА<br>Атай айыл өкмөтү,<br>Жеке ишкерлер | Жеке ишкер, инвестор, донорлор, демөөрчүлөр |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.5 | | Ички жана тышкы туристтер үчүн жайкы эс алууга мүмкүнчүлүк түзүү | Жумуш орду менен камсыз болот | 2025-жыл | Аз камсыз үй-бүлөлөр ишке тартылат | Жеке ишкер Ж.Кубанычбеков | Жеке ишкер Ж. Кубанычбеков 10 000 000 сом |
| 1.6 | | Жүндү кайра иштетүүчү чакан ишкана ачуу, заманбап жадбуулар менен толуктоо | 2 адам иш менен камсыз болот | 2025-2026-жыл | Аз камсыз үй-бүлөлөр жумуш менен камсыз болот | РМА Атай айыл өкмөтү Жеке ишкерлер | ПРООН ГЭФ 1200000 сом |
| 1.7 | | Самын чыгаруучу чакан ишкананы жаңы заманбап жабдуулар менен камсыз кылуу | Иш менен камсыз болгон адамдардын саны | 2025-жыл | Аз камсыз үй-бүлөлөр иш менен камсыз болот | Жеке ишкер С. Кудаш кызы | Ага Хан фонду 1 200 000 сом |
| 2 | **Мал чарбачылыгы** | Аарычылыкты өнүктүрүү, балды экспорттоого жетишүү | Жумуш орду түзүлөт | 2025-2027-жылдар | Азык-түлүк программасы рынокко чыгат | РМА Атай айыл өкмөтү, инвестор, жеке ишкерлер, фонддор | Инвесторлор, жеке ишкерлер, фонддор 5000,0 миң сом |
| 2.1 | | Малдарды асылдандыруу иштерин колго алуу сервистерди уюштуруу, жайыттарды эффективдүү пайдалануу | | 2025-2027-жылдар | Парода, сапаттуу продукцияларын өндүрүү | Атай айыл өкмөтү, жеке ишкерлер, демөөрчүлөр, Рай. Ветеринария жайыт комитети | Фермер,жеке ишкерлер 5000,0 миң сом |
| 2.3 | | Айыл аймагына уй ферма уюштуруу | Фермерлердин кирешеси көбөйөт. Жумуш орундар камсыздалат | 2025-2027-ж | Айыл аймагында сүт, эт, багытында иштетилет. Калктын муктаждыгы чечилет | Фонддор, Атай МИ | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2.4** | | Балык чарбаларын өнүктүрүү | Жумуш орду түзүлөт | 2025-2027-жыл | Элдерге шарт түзүлөт | Атай айыл өкмөтү, жеке ишкер | Жеке ишкерлер, демөөрчүлөр |
| **3** | **Курулуш тармагы** | Бирдик айылына кирпич завод куруу боюнча тийиштүү документтерин даярдап берүү жана инвесторлорго сунуштоо | Кирпич жасоочу завод куруу менен 30 адам жумуш орду менен камсыз болот | 2025-2026-жыл | Жакырчылыктын деңгээли кыскарат, жумушсуздар жумуш орду менен камсыз болот | Атай айыл өкмөтү, жеке ишкерлер | Демөөрчүлөр, жеке ишкерлер 15000,0 миң сом |
| **3.1** | | Арал айылындагы “Айзирек” б.б имаратынын курулушун жүргүзүү | кошумча жумуш орундар ачылат | 2025-Ж 2026-ж | Арал айылына 75 орунду 1 бала бакча курулат | Атай айыл өкмөтү, РБББ | Республикалык бюджет 62000,0 |
| **3.2** | | Атай айылындагы 100 орундуу б.б курулушун бүткөрүү | кошумча жумуш орундар ачылат | 2025-ж | Атай айылына 100 орундуу б.б курулат | Атай айыл өкмөтү,РБББ | Республикалык бюджет 62000,0 |
| **4** | **Жер өздөштүрүү** | Айдоо жери бар аз камсыз үй бүлөлөргө айыл өкмөт аркылуу колунда бар адамга шефтикке бөлүп берип, аларга үрөн, техника, консультация ж.б. боюнча жардам көрсөтүү | Жер өздөштүргөн аз камсыз үй-бүлөлөрдүн саны | 2025-2027-жылдар | Жер өздөштүрүү аркылуу жакырчылыктан чыгуу | РМА<br>Атай айыл өкмөтү<br>Райондук агродепартаменти<br>Жеке ишкерлер | Жеке ишкер, инвестор, донорлор, демөөрчүлөр |
| **4.1** | | Атай айылынын “Ала-Жыгач”, “Кара-Талаа” участкасынан 600 га жерге жакын кайрак жерди сугат жерине которуу”Доржу” каналын ишке киргизүү | Жер өздөштүргөн аз камсыз үй-бүлөлөрдүн саны | 2025-жыл | Атай айылынын “Ала-Жыгач”, “Кара-Талаа” участкасына 600 га жер сугат жерине көбөйөт, мунун ичинен 20% жакырлар сугат жер аянты менен камсыз болот | Атай айыл өкмөтү, Кадастр мекемеси | Атай айыл өкмөтү 45,0 миң сом |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **5.** | **Кол өнөрчүлүк** | Ар бир айыл аймактардагы кол өнөрчүлөрдү бириктирүү кооператив түзүүгө багыт берүү алар ар кандай кийиз буюмдары, курак түрү, токуулар, сувенирлерди жасоо, Кызга сеп даярдоо иштерине үйдөгү айымдарды (аз камсыз үйдөгү келиндерди) ишке тартуу. | | 2025-2027-жылдар | Кооперативге биригүү менен аз камсыз үй-бүлөлөр өлкө ичинде жана өлкөдөн сырткары жактарга буюмдарын сатып, жакшы киреше табышат. | Атай айыл өкмөтү Аялдар кеңеши Жеке ишкерлер | Жеке ишкер, инвестор, донорлор, демөөрчүлөр |
| *3-милдет: Каттоодо турган жакыр үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарын терең изилдөө* | | | | | | | |
| **6** | **Мониторинг** | Каттоодо турган жакыр үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарын терең изилдөө максатында жакыр үй-бүлөлөрдүн арасында сурамжылоо жүргүзүү | Сурамжылоодон өткөн адам саны | 2025-жыл | Жакыр үйөбүлөлөрдүн муктаждыктарын терең изилдөө аркылуу, жакырчылыктан чыгарууга индивидуалдуу план түзүүгө мүмкүнчүлүк жаралат | РМА Айыл өкмөттөр Райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгы | |
| *4-милдет: Билимин өркүндөтүү максатында жакыр үй-бүлөлөр жана алардын балдарынын арасында замандын талабына ылайык окуу-тренингдерди жүргүзүү.* | | | | | | | |
| **7** | **Билим берүү** | Жакыр үй-бүлөлөрдүн жана алардын балдарынын арасында психологиялык, финансылык сабаттуулук, ишкердик жүргүзүү, өзүн-өзү өнүктүрүү жана башка | Окуудан өткөн адамдардын саны | 2025-2027-жылдар | Жакыр үй-бүлөлөрдүн жана алардын балдарынын арасында өнүктүрүү окууларды өткөрүү аркылуу жакырчылыктан чыгаруу | РМА Айыл өкмөттөр Райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгы Бейөкмөт | Жеке ишкер, инвестор, донорлор, демөөрчүлөр |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **8** | **Материалдык жана моралдык жактан колдоо көрсөтүү** | Айыл аймагындагы жеке ишкерлер, айыл имамы менен биргеликте жайкыр үй-бүлөлөргө жана алардын балдарына кайрымдуулук иш-чараларын уюштуруу | Кайрымдуулук жардам алгандардын саны | 2025-2027-жылдар | Жакыр үй-бүлөлөрдүн жана алардын балдарына моралдык жана материалдык жактан ар тараптуу колдоолор көрсөтүлөт | Айыл өкмөттөр Айыл имам РЭСКМБ Демөөрчүлөр Бейөкмөт уюмдар | Жеке ишкер, инвестор, донорлор, демөөрчүлөр |
| **8.1** | | Аз камсыз, социалдык колдоого муктаж жарандарга үй-бүлөлүк кирешесин жогорулатуу үчүн туура багыт көрсөтүү "аарычылык", "Бизнес көндүмдөрү" боюнча ж.б окуу, тренингдерди уюштуруу | Окуудан өткөн адамдардын саны 50 аял жолдоштор | 2025-2027-жыл | Аз камсыз жөлөкпул алуучу жана ДМЧ жарандардын ичинен окууга 50 аял тартылып, үй-бүлөлүк бюджетин жогорулатууга шарт түзүлөт | Атай айыл өкмөтү, РЭСКжМБ | Жергиликтүү бюджет, АРИС, БУУ ДАТП 30,0 миң сом |
| **8.2** | | Атай айыл аймагындагы эмгекке жарамдуу жумушсуздарга БУУ ДАТП менен биргеликте окууларды жана убактылуу жумуштарды уюштуруу | БУУ ДАТП долбоорунун алкагында 60-40 дан кем эмес адам жумушка тартылат | 2025-2027жыл | БУУ ДАТП программасына 2 ден кем эмес долбоор сунушталат. 60-40дан кем эмес адам жумушка тартылат | Атай айыл өкмөтү, РЭСКжМБ | Атай айыл өкмөтү, РЭСКжМБ |

**Айыл өкмөт башчысы** **А.К.Жаныбаев**

**Айыл өкмөтүнүн орун басары-жооптуу катчысы** **Г.Салташова**

**Финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы** **З.Ташматов**

**Соц.адис** **Н.Б.Түркманова**